**Пресс-релиз**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн 8 пайызга чейин төмөндөттү**

Улуттук банк Башкармасы 2016-жылдын 28-мартында эсептик чен өлчөмүн 200 базистик пунктка, 8,00 пайызга чейин төмөндөтүү чечимин кабыл алды. Бул чечим 2016-жылдын 29-мартынан тартып күчүнө кирет.

Баанын жалпы деңгээли анын төмөндөөгө ык коюп жатышын айкын чагылдырууда, бул эң башкысы, өлкөдө азык-түлүк товарларынын жана күйүүчү-майлоочу материалдардын наркынын төмөндөшү менен шартталган. Март айында керектөө баа индекси 0,71 пайызга (18-мартка карата) төмөндөп, жылдык мааниде алганда инфляция деңгээли 0,8 пайыз чегинде катталган.

Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүндө экономикалык жигердүүлүк төмөн бойдон сакталып калып, бул соода жүргүзүү жана өлкөгө акчалай которуулар аркылуу экономикага таасир этүүсүн улантууда.

2016-жылдын январь-февраль айларынын жыйынтыгы боюнча айкын ички дүң өнүм 7,8 пайызга азайган. Буга өнөр жай сектору олуттуу таасир эткен, айрыкча, “Кумтөр” кен казып алуу жайларында өндүрүштүн кыскарышы түрткү берген. “Кумтөрдү” эске албаганда, айкын ички дүң өнүм 0,1 пайызга төмөндөгөн. Акча-кредит саясатын иштеп чыгууда жана ага талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүдө Улуттук банк “Кумтөрдү” эске албагандагы айкын ички дүң өнүмдүн маанисине таянат.

Баанын жалпы деңгээлинин өсүш арымынын төмөндүгүн, өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн басаңдашын эске алуу менен Улуттук банк эсептик чен өлчөмүн төмөндөтүү чечимин кабыл алган. Бул чечим өтүп жаткан жылда инфляциялык тобокелдик анча жогору болбогон чекте сакталып турушу шартында, экономиканын реалдуу секторунун алгылыктуу өсүш багытына кадам таштоосу үчүн өбөлгө түзгөн чараларга колдоо көрсөтөт.

Улуттук банк, 2016-жыл ичинде баа алгылыктуу чекте болорун жана жыл акырында анын мааниси акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган негизги багыттарында аныкталган 5-7 пайыз өлчөмдөгү инфляция деңгээлине жакындашаарын болжолдоодо.

Баанын жалпы деңгээлинин төмөндөөгө ык коюп жатышына карабастан, орто мөөнөттүк мезгил ичинде инфляциялык басым сакталып калат. Улуттук банк өлкө экономикасында орун алып жаткан жагдайга жана келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерге баа берүүнү жана аны эске алуу менен тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүүнү уланта берет.

*Маалымат үчүн:*

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого алган кийинки отуруму 2016-жылдын 30-майына пландаштырылган.